## Профессор - окутуучулар жамааты

Биздин институттун профессордук-окутуучулар жамаатына И .Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин жана Республиканын дагы башка билим берүү мекемелеоинин жогорку Квалификациялуу тандамал адистери контрактык негизде тартылган: лекция, практикалык сабактарды өткөн мугалимдер республикага белгилүү К. Карасаев ат. БМУ. Б. Ельцин ат. КОСУ. Ж. Баласагын ат. КУУ жана башка окуу жайлардын белгилүү окумуштулары, ошондой эле министирлердин жана ведомстволордун адистери.



Профессордук – окутуучулар коллективинин 64% илимдин доктору, кандидаттары жана профессорлор, доценттер болуп саналат. Булардын ичинен көпчүлүгү көлөмдүү монография, методикалык окуу китептеринин авторлору. Окуу процессине 56 окутуучу тартылган.

Алардын составында 1 академик, 1 мүчө-корреспондент, 1 Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, 5 профессор, 27 доцент жана доценттин милдетин аткаруучу. Илимдин кандидаты, 14 ага окутуучу, 6 окутуучу бар. Профессордук – окутуучулардын иш стажы орто эсеп менен алганда 15 жылдык стажды түзөт.

М.Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун мугалимдери Бириккен уюмунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү (ЮНИСЕФ) менен тыгыз байланышта болуп, баштапгыч жана орто билим берүү жаатындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу багытындагы бир нече проектилер менен иштешип келишет. Институттун мугалимдери ЮНИСЕФдин линиясы боюнча (глобалдуу билим берүү институту, Торонто университетинин Онторио билим берүү тармагындагы изилдөө институту) проектилерге катышып келишет.

***Кыска мөөнөттө, төлөмү арзан, жогорку натыйжа***

М. Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту «КРнын Билим берүү мыйзамынын» ст.№22 негизинде тездетилген программа боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзөт:

Атайын орто адистик билими барлар үчүн – жогорку билими бар деген үлгүдөгү дипломду алуу үчүн окуу мөөнөтү - 3 жыл;

Жогорку билимдүүлөр үчүн – жогорку билими бар деген үлгүдөгү, кошумча адистиктеги дипломду алуу үчүн окуу мөөнөтү - 2 жыл.

Окуу аралыктан окуу формасында, келишимдик негизде жүзөгө ашат;



**Окууга тапшыруу үчүн документтер:**

- ✓ профилин көрсөтүү менен ректордун наамына жазылган арыз;
- ✓ атайын орто же жогорку билими жөнүндө диплом;
- ✓ медициналык маалымдама форма 086/У;
- ✓ фотосүрөт 6 даана (өлчөмү 3/4);
- ✓ паспортун же өзүн ырастоочу документин өзү менен кошо ала келип көрсөтөт жана көчүрмөсүн калтырат.




***Биздин дарек:***

***720026, Бишкек ш, Раззаков көч., 51, корп. №1, каб. 101, 102, 103, 106***

***Байланыш телефондору:***

☎ ***66-12-55***
***66-60-34***
☎ ***66-41-86***
***66-47-41***
📞 ***0700447793***

***web сайт:*** ***ipkg.arabaev.kg***


**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# М. Р. РАХИМОВА атындагы КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА КАДРЛАРДЫ КАЙРА ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ

## КОШ КЕЛИҢИЗДЕР!

## АБИТУРИЕНТ

**Бишкек 2022**

# Институт туурасында маалымат

Биздин Институт И. Арабаеватындагы КМУнун алдында Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту аталып, 1997-жылы 28-мартта түзүлгөн.




М. Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту АЛ№74 лицензиясынын негизинде толук жогорку билимдүү педагогикалык кесиптеги адистерди даярдоого жана кошумча адистик билим берүүгө (адистик кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатууга) мүмкүнчүлүк берет.

**Адистикти кайра даярдоо** азыркы экономикалык шартка жана социалдык муктаждыкка ылайык келчү жаңыча сферадагы жогорку билимдүү адистерге ээ болууну жүзөгө ашырат.

**Квалификацияны жогорулатуу** менен адистик билимин, ишкерлик сапатын өркүндөтүшөт, о.э. билимин практикалык жана теориялык жактан жаңылап, башкача айтканда жогорку методологиялык негизде, профессионалдык деңгээлде учурдун талабына ылайык жүзөгө ашырышат.

М. Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту педагогдордун билимин өркүндөтүп, экинчи кесип менен камсыз кылуучу сейрек жогорку окуу жайлардын бири. Бул окуу жайга тапшыргандар иштеп жаткан иштеринен ажыратылбастан туруп бир катар адистиктерге ээ болууга мүмкүнчүлүк алат. Негизги көңүл кеңири жайылтылган, мамлекеттик стандартка туура келген жаңы технологияны мыкты өздөштүргөн педагогикалык мыкты адистерди чыгарууга бурулат.







# Окуу процессин уюштуруу

М. Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окутууда материалдык-техникалык базасы кенен жана ИНТЕРНЕТке кошулган компьютердик класстары, заманбап LED-экрандар жана интерактивдик доскалар менен жабдылган, окуу- методикалык куралдарга бай кабинеттери бар.





# Квалификацияны жогорулатуу

М. Р. Рахимова ат. Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтундагы квалификацияны жогорулатуу бөлүмү мамлекеттин билим берүү стандартынын талабына ылайык жогорку мектептердин окутуучуларын жана жалпы билим берчү мекеме-лердин педагог кызмат-керлерин теориялык жана практикалык билимин жаңылоого багытталган.





Угуучуларга курстун, семинар-көнүгүүлөрдү соңунда квалификацияс жогору-латкандыгы туурасында сертификат берилет.

# Магистратура

Институтта төмөндөгүдөй багытта магистратурага даярдалат:

- Менеджмент

Окутуунун формасы – күндүзгү;
Окуу мөөнөтү – 2 жыл.

# Кесиптик кайра даярдоо

Институтта 3 агымда төмөндөгү профилдер боюнча даярдалат: психологиялык - педагогикалык, гуманитардык жана табигый-математикалык бөлүмдөр.

## Психологиялык - педагогикалык багыт

***Даярдоо профилдери:***

- Башталгыч билим берүү
- Мектепке чейинки билим берүү
- Логопедия

## Гуманитардык багыт

***Даярдоо профилдери:***

- Кыргыз тили жана адабияты
- Орус тили жана адабияты
- Тарых
- Мекеменин менеджменти
- Социалдык кызмат
- Китепкана таануу документ таануу

## Табигый - математикалык багыт

***Даярдоо профилдери:***

- Биология
- География
- Математика
- Информатика
- Көркөм өнөр искусствосу